**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ЭКОНОМИКА**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ЭКОНОМИКА

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. ECONOMICS

**e-ISSN: 1694-8734**
№1(8)/2026, 84-95

**УДК: 338.439:332.135**
**DOI:** 10.52754/16948610_2026_1(8)_9

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЗЫК-ТҮЛҮК РЫНОГУНУН ИНФРАСТРУКТУРАСЫН ЭКОНОМИКАЛЫК ИНТЕГРАЦИЯ ШАРТЫНДА НАТЫЙЖАЛУУ ӨНҮКТҮРҮҮ

# ЭФФЕКТИВНОЕ РАЗВИТИЕ ИНФРАСТРУКТУРЫ ПРОДОВОЛЬСТВЕННОГО РЫНКА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ В УСЛОВИЯХ ЭКОНОМИЧЕСКОЙ ИНТЕГРАЦИИ

# EFFECTIVE DEVELOPMENT OF THE FOOD MARKET INFRASTRUCTURE OF THE KYRGYZ REPUBLIC IN THE CONTEXT OF ECONOMIC INTEGRATION

**Абдулложонова Азизпошшо Немонжоновна**
*Абдулложонова Азизпошшо Немонжоновна*
*Abdullozhonova Azizposhsho Nemonjonovna*

**улук окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*старший преподаватель, Ошский государственный университет*
*Senior Lecturer, Osh State University*
*aabdullajanova81@mail.ru*
*https://orcid.org/0000-0002-0149-0385*

---

**Ташбаев Азизбек Мазанович**
*Ташбаев Азизбек Мазанович*
*Tashbaev Azizbek Mazanovich*

**э.и.д., профессор, Ош технологиялык университети**
*д.э.н, профессор, Ошский технологический университет*
*Doctor of Economics, Professor, Osh Technological University*
*https://orcid.org/0000-0002-2519-4070*

---

**Сайдинова Мээрим Токушовна**
*Сайдинова Мээрим Токушовна*
*Saidinova Meerim Tokushovna*

**окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*преподаватель, Ошский государственный университет*
*Lecturer, Osh State University*
*m10822349@gmail.com*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЗЫК-ТҮЛҮК РЫНОГУНУН ИНФРАСТРУКТУРАСЫН ЭКОНОМИКАЛЫК ИНТЕГРАЦИЯ ШАРТЫНДА НАТЫЙЖАЛУУ ӨНҮКТҮРҮҮ

**Аннотация**

Бул макалада Кыргыз Республикасынын азык-түлүк рыногунун инфраструктурасын өнүктүрүү маселеси экономикалык интеграциянын учурдагы шарттары менен байланышта каралат. Изилдөөнүн негизги мазмуну азык-түлүк рыногунун туруктуу иштешине түздөн-түз таасир этүүчү логистикалык, кампалык, кайра иштетүүчү, каржылык жана маалыматтык компоненттердин абалын талдоого багытталган. Макалада ички рынокту сапаттуу азык-түлүк менен үзгүлтүксүз камсыз кылууда инфраструктуранын ролу өзгөчө белгиленип, анын жетишсиз өнүккөн бөлүктөрү агрардык сектордун жалпы натыйжалуулугуна кандай тоскоолдук жаратып жатканы көрсөтүлөт. Ошондой эле Евразия экономикалык бирлигинин алкагындагы интеграциянын таасири эки тараптуу мүнөздө экени белгиленип, бир жагынан жаңы рыноктук мүмкүнчүлүктөрдү ачса, экинчи жагынан атаандаштыкты күчөтөрү негизделет. Илимий жактан негизделген сунуштар иштелип чыгып, алар инфраструктуранын натыйжалуулугун жогорулатууга, продукциянын жоготууларын азайтууга жана кошумча наркты көбөйтүүгө багытталган. Макалада сандык өсүш менен сапаттык жетилүүнүн айырмасы көрсөтүлдү: айрым көрсөткүчтөр жакшырганы менен, рыноктук чынжырдын туруктуу иштеши үчүн сапаттык өзгөрүү дагы эле жетишсиз экени көрсотүлөт. Изилдөөнүн жыйынтыгында азык-түлүк рыногунун инфраструктурасын жакшыртууга багытталган практикалык багыттар сунушталат.

**Негизги сөздөр:** азык-түлүк рыногу, рыноктук инфраструктура, экономикалык интеграция, логистика, кампа чарбасы, кайра иштетүү, азык-түлүк коопсуздугу.

## *ЭФФЕКТИВНОЕ РАЗВИТИЕ ИНФРАСТРУКТУРЫ ПРОДОВОЛЬСТВЕННОГО РЫНКА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ В УСЛОВИЯХ ЭКОНОМИЧЕСКОЙ ИНТЕГРАЦИИ*

**Аннотация**

В данной статье рассматривается проблема развития инфраструктуры продовольственного рынка Кыргызской Республики в условиях современной экономической интеграции. Основное содержание исследования направлено на анализ состояния логистических, складских, перерабатывающих, финансовых и информационных компонентов, непосредственно влияющих на устойчивое функционирование продовольственного рынка. В статье особо подчеркивается роль инфраструктуры в обеспечении внутреннего рынка качественными продуктами питания на постоянной основе, а также показано, каким образом недостаточно развитые ее элементы препятствуют общей эффективности аграрного сектора.

Также отмечается, что влияние интеграции в рамках Евразийского экономического союза носит двусторонний характер: с одной стороны, открываются новые рыночные возможности, с другой — усиливается конкуренция. Разработаны научно обоснованные рекомендации, направленные на повышение эффективности инфраструктуры, снижение потерь продукции и увеличение добавленной стоимости. В статье также показано различие между количественным ростом и качественным развитием: несмотря на улучшение отдельных показателей, для устойчивого функционирования рыночной цепочки качественные изменения остаются недостаточными. В результате исследования предложены практические направления по совершенствованию инфраструктуры продовольственного рынка.

***Ключевые слова:*** *продовольственный рынок, рыночная инфраструктура, экономическая интеграция, логистика, складское хозяйство, переработка, продовольственная безопасность.*

## *EFFECTIVE DEVELOPMENT OF THE FOOD MARKET INFRASTRUCTURE OF THE KYRGYZ REPUBLIC IN THE CONTEXT OF ECONOMIC INTEGRATION*

**Abstract**

This article examines the issue of developing the infrastructure of the food market of the Kyrgyz Republic in the context of modern economic integration. The main focus of the study is the analysis of the state of logistics, warehousing, processing, financial, and information components that directly affect the sustainable functioning of the food market. The article particularly emphasizes the role of infrastructure in ensuring a stable supply of high-quality food products to the domestic market, and demonstrates how insufficiently developed elements hinder the overall efficiency of the agricultural sector.

It is also noted that the impact of integration within the Eurasian Economic Union is twofold: on the one hand, it opens new market opportunities, while on the other hand, it intensifies competition. Scientifically grounded recommendations are developed to improve infrastructure efficiency, reduce product losses, and increase added value. The article also highlights the difference between quantitative growth and qualitative development: despite improvements in certain indicators, qualitative changes remain insufficient for the stable functioning of the market chain. As a result of the study, practical directions for improving the infrastructure of the food market are proposed.

***Keywords:*** *food market, market infrastructure, economic integration, logistics, warehousing, processing, food security.*

**Киришүү.** Глобалдашуу процесстеринин күчөшү жана регионалдык экономикалык интеграциянын тереңдеши шарттарында азык-түлүк рыногу мамлекеттин азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун жана туруктуу социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн маанилүү стратегиялык элементи болуп саналат. Интеграциялык процесстер, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Евразия экономикалык бирлигине (ЕАЭБ) катышуусу, улуттук азык-түлүк рыногунун иштеши үчүн жаңы шарттарды түзүп, анын натыйжалуулугуна, атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнө жана инфраструктуралык камсыздалышына карата талаптарды күчөтүүдө ***(****Бекбоев Т.Т,  2019, 210-б).*

Кыргыз Республикасы айыл чарба потенциалы жогору, табигый-климаттык шарттары жагымдуу жана айыл чарба өндүрүшүнүн салттары калыптанган өлкө катары азык-түлүк рыногун өнүктүрүү жана айыл чарба продукциясынын көлөмүн көбөйтүү үчүн объективдүү мүмкүнчүлүктөргө ээ. Бирок иш жүзүндө өндүрүлгөн продукцияны өндүрүүчүдөн акыркы керектөөчүгө натыйжалуу жеткирүүгө тоскоолдук кылган бир катар системалуу көйгөйлөр сакталууда. Негизги чектөөчү фактор катары азык-түлүк рыногунун инфраструктурасынын жетишсиз деңгээлде өнүккөндүгү саналат. Бул инфраструктурага транспорттук-логистикалык системалар, кампа кубаттуулуктары, кайра иштетүүчү ишканалар, ошондой эле соода-сатуу каналдары кирет *(Агрардык экономика жана азык-түлүк коопсуздугу боюнча илимий эмгектер жыйнагы*. https://www.nas.kg***).***

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматына ылайык, макроэкономикалык көрсөткүчтөргө таянсак, агрардык тармак өлкөнүн ички дүң продукциясынын олуттуу бөлүгүн (болжол менен жетинчи бөлүгүн) камсыздаган базалык сектор бойдон калууда. Бирок буга карабастан, азык-түлүк рыногунун натыйжалуу иштешин камсыз кылуучу инфраструктуралык элементтердин өнүгүү деңгээли заманбап талаптардан кыйла артта калууда. Бул логистикалык чынжырлардын жетишсиз өнүгүшүндө, заманбап кампа жана муздаткыч инфраструктурасынын чектелгендигинде, айыл чарба продукциясын кайра иштетүү деңгээлинин төмөндүгүндө жана анын натыйжасында сактоо жана ташуу этаптарындагы олуттуу жоготууларда көрүнөт. Айыл чарба продукцияларын илгерилетүү процесси үзгүлтүксүз процесс болуп саналат жана ошого жараша айыл чарба өндүрүүчүлөрү өз продукцияларын сатуу үчүн альтернативдүү каналдарды тынымсыз издеши керек *(Убайдуллаев, М., Бекматова , Ж., & Бактыбек уулу, К., 2022, с.52).*

Мындан тышкары, Евразия экономикалык бирлигинин (ЕАЭБ) алкагындагы интеграция азык-түлүк рыногунун өнүгүшүнө кошумча таасир көрсөтүүдө. Бул интеграция бир жагынан сатуу рынокторун кеңейтүүгө жана инвестицияларды тартууга жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачса, экинчи жагынан биримдикке мүчө башка өлкөлөрдүн өндүрүүчүлөрү тарабынан атаандаштыктын күчөшүнө алып келет. Мындай шарттарда азык-түлүк рыногунун инфраструктурасын модернизациялоо, анын натыйжалуулугун жогорулатуу жана жаңы экономикалык реалдуулуктарга ылайыкташтыруу зарылчылыгы күчөп жатат.

Ушуга байланыштуу изилдөөнүн негизги максаты - Кыргыз Республикасынын азык-түлүк рыногунун натыйжалуу инфраструктурасын калыптандыруу боюнча илимий негизделген багыттарды иштеп чыгуу болуп саналат.  Айтылган максатка жетүү үчүн өлкөнүн азык-түлүк рыногунун учурдагы абалына комплекстүү талдоо жүргүзүүнү, негизги көйгөйлөрдү аныктоону жана интеграциялык процесстердин таасирин баалоону

талап кылат *(Айыл чарба жана региондук өнүгүү боюнча статистикалык жыйнак. https://www.stat.kg).*

Максатты ишке ашыруу инфраструктураны өнүктүрүүнүн институционалдык, уюштуруучулук-экономикалык жана технологиялык аспекттерин системалуу кароону, ошондой эле өлкөнүн азык-түлүк рыногунун туруктуулугун жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга багытталган практикалык сунуштарды иштеп чыгууну камтыйт.

**Азык-түлүк рыногунун инфраструктурасынын экономикалык маңызы.** Азык-түлүк рыногу өндүрүүчү менен керектөөчүнүн ортосундагы жөнөкөй соода аянты гана эмес, ал көп баскычтуу байланыштардан турган системаны түзөт. Айтылган системада өндүрүш, сактоо, ташуу, кайра иштетүү, каржылоо, маалымат алмашуу жана сатуу процесстери бири-бирине тыгыз байланышкан.

Эгерде инфраструктура жакшы уюштурулса, анда айыл чарба продукциясынын кыймылы тездетилет, чыгымдар азаят, сапат жогорулайт жана товар жоготуулары кыскарат. Тескерисинче, инфраструктуранын начар абалы өндүрүштүн өзүнүн жыйынтыгын да төмөндөтөт. Мисалы, фермер жетиштүү көлөмдө түшүм алганы менен аны сактоо же өз убагында жеткирүү мүмкүнчүлүгү болбосо, анын кирешеси төмөндөйт, рынокто баа туруксуздугу пайда болот, ал эми калк сапаттуу товарга туруктуу жетпей калат (*Агрардык экономика жана азык-түлүк коопсуздугу боюнча илимий эмгектер жыйнагы*. *https://www.nas.kg).*

Азык-түлүк рыногунун инфраструктурасын шарттуу түрдө бир нече негизги бөлүккө ажыратууга болот. Биринчиси — транспорттук-логистикалык бөлүк. Транспорттук-логистикалык бөлүк товарды чогултуу, сорттоо, жеткирүү жана бөлүштүрүү иштерин камсыз кылат. Экинчиси — кампа жана муздаткыч сактоо системасы. Сунушталган системаны иштетүү өзгөчө тез бузулуучу продукциялар үчүн өтө маанилүү. Үчүнчүсү — кайра иштетүүчү тармактар. Алар чийки продукцияны кошумча наркы жогору товарга айлантат. Төртүнчүсү - каржылык камсыздоо. Бешинчиси - санариптик жана маалыматтык колдоо *(Бабаев Д. М., 2020, 224-б).*

Ошону менен бирге инфраструктуранын өнүккөн деңгээли агрардык сектордун экспорттук потенциалын кеңейтүүгө да түздөн-түз таасир этет. Эл аралык стандарттарга жооп берген сактоо, таңгактоо жана логистика системалары болбосо, атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн төмөндөшүнө жана экспорттук экспансиянын чектелишине алып келет. Ошондуктан инфраструктуралык тутумду технологиялык реновациялоо ички рынокту гана эмес, тышкы рынокко чыгуу мүмкүнчүлүгүн да аныктаган стратегиялык негизги аныктоочу фактор катары чыгат.

Демек, азык-түлүк рыногунун инфраструктурасы агрардык сектордун экинчи даражадагы бөлүгү эмес, тескерисинче, анын иш жүзүндөгү натыйжалуулугун аныктоочу негизги факторлордун бири болуп эсептелет.

**Кыргыз Республикасынын азык-түлүк рыногунун инфраструктурасынын учурдагы абалы.** Кыргыз Республикасынын азык-түлүк рыногунун азыркы абалына баа берүүдө бир жагынан оң өзгөрүүлөрдү, экинчи жагынан туруктуу сакталып келе жаткан көйгөйлөрдү бир учурда көрүүгө болот. Өлкөдө айыл чарба өндүрүшүнүн көлөмү акыркы жылдары өсүү багытын көрсөтүп жаткандыгы байкалат. Жогоруда айтылган сөздөр агрардык сектордун экономикалык мааниси дагы деле жогору экенин далилдейт. Ошол эле учурда айыл чарбанын ички дүң продукциядагы үлүшү салыштырмалуу төмөндөп

жатканы экономиканын түзүмүндө башка тармактардын үлүшү өсүп жатканын жана агрардык сектор мурдагыдай эле инфраструктуралык чектөөлөргө туш болуп жатканын көрсөтөт *(Айыл чарба жана азык-түлүк рыногу боюнча расмий маалыматтар. https://www.stat.kg)*.

Талдоо көрсөткөндөй, айыл чарба продукциясын өндүрүү менен аны рынокко сапаттуу жеткирүүнүн ортосунда олуттуу ажырым бар. Айыл жергесинде өндүрүлгөн продукциянын белгилүү бир бөлүгү сактоо, ташуу жана кайра иштетүү мүмкүнчүлүктөрүнүн жетишсиздигинен улам толук көлөмдө товардык айланууга кирбей калат. Натыйжада өндүрүүчү кирешеден кол жууйт, ал эми керектөөчү үчүн баа жогорулап кетиши мүмкүн.

Өлкөдө кампалык инфраструктура акырындап кеңейип жатканы менен, анын сапаттык курамы бардык аймактар боюнча бирдей эмес. Айрым аймактарда жөнөкөй сактоо жайлары бар болгону менен заманбап муздаткыч, сорттоо жана таңгактоо мүмкүнчүлүктөрү чектелүү бойдон калууда. Өзгөчө мөмө-жемиш, жашылча жана сүт багытындагы продукциялар үчүн бул чоң көйгөй бойдон сакталууда.

Кайра иштетүүчү өнөр жайда дагы белгилүү жылыштар бар, бирок анын үлүшү жалпы өндүрүлгөн айыл чарба чийки затынын көлөмүнө салыштырмалуу жетиштүү деңгээлге чыга элек. Мындай шартта өлкөдө кошумча нарктын олуттуу бөлүгү түзүлбөй калууда. Башкача айтканда, чийки продукция көбүрөөк сатылып, даяр товар чыгаруу деңгээли жай өсүүдө.

Ошентип, азык-түлүк рыногунун учурдагы абалын баалоо анын негизги көйгөйү өндүрүштө эмес, өндүрүш менен рыноктун ортосундагы байланыш чынжырында экенин көрсөтөт.

Мындан тышкары, бул абал логистикалык жана инфраструктуралык компоненттердин ортосундагы интеграциялык өз ара байланыштардын жетишсиздиги менен түшүндүрүлөт. Өндүрүүчүдөн керектөөчүгө чейинки аралыкта продукциянын товардык кыймылын башкаруунун ылайыктуу тутуму толук калыптана электиги баалардын туруксуздугуна жана товардык ресурстардын коромжуга учуроо коэффициентинин жогорулашына алып келүүдө.

1-таблица. Кыргыз Республикасында азык-түлүк рыногунун өнүгүүсүнүн айрым көрсөткүчтөрү

| **Көрсөткүч** | **2020** | **2022** | **2024** |
|---|---|---|---|
| ИДПдагы айыл чарбанын үлүшү, % | 14,2 | 13,1 | 12,5 |
| Айыл чарба продукциясынын жалпы көлөмү, млрд сом | 212 | 285 | 340 |
| Сактоо учурундагы продукциянын жоготуулары, % | 25–30 | 20–25 | 15–20 |
| Айыл чарба продукциясын кайра иштетүү үлүшү, % | 18 | 22 | 25 |
| Муздаткыч кампалар менен камсыз болуу, керектөөгө карата % | 40 | 50 | 60 |

(Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтарынын жана эксперттик баалоолордун негизинде түзүлгөн (*Айыл чарба жана азык-түлүк рыногу боюнча расмий маалыматтар*. https://www.stat.kg)

Таблицадагы көрсөткүчтөр бир караганда оң динамиканы чагылдырат. Өндүрүш

көлөмү өсүп жатат, кайра иштетүү үлүшү акырындык менен жогорулап жатат, жоготуулар азайып жатат, ал эми муздаткыч кампалар менен камсыз болуу жакшырып келе жатат. Ошондой болсо деле бул өсүштөрдүн өзү азык-түлүк рыногунун бардык маселесин чечип койгон жок.

Мисалы, жоготуулардын 15–20% деңгээлинде сакталып турушу деле өтө жогору көрсөткүч болуп саналып, продукциянын олуттуу бөлүгү рынокко жетпей жоголуп жатканын билдирет. Ошондой эле кайра иштетүү үлүшүнүн 25% деңгээлинде болушу өлкөнүн ички мүмкүнчүлүктөрү толук пайдаланылбай жатканын көрсөтөт. Муздаткыч кампалар менен камсыз болуунун 60%га жетиши оң көрүнүш болгону менен, бул дагы толук кандуу рыноктук туруктуулук үчүн жетишсиз (*Айыл чарба жана азык-түлүк рыногу боюнча расмий маалыматтар*. https://www.stat.kg)

Демек, сандар өсүп жатканына карабастан, рыноктук инфраструктуранын сапаттык жактан жетилүү деңгээли дагы деле күчөтүлгөн көңүл бурууну талап кылат.

**Азык-түлүк рыногунун инфраструктурасын өнүктүрүүдөгү негизги көйгөйлөр.** Кыргыз Республикасынын азык-түлүк рыногундагы инфраструктуралык маселелер бир эле тармак менен чектелбейт. Алар бир нече багытта чогуу көрүнөт жана бири-бирин күчөтүп турат.

Биринчи олуттуу көйгөй — логистикалык байланыштардын жетиштүү деңгээлде уюштурулбаганы. Өндүрүш көбүнчө айыл аймактарында топтолсо, ири керектөө борборлору шаарларда жана соода түйүндөрүндө жайгашкан. Ушул аралыкта продукцияны чогултуу, иргөө, убактылуу сактоо жана багыттоо үчүн бирдиктүү система жетишсиз.

Экинчи көйгөй — кампалык базанын сапаты. Көпчүлүк учурларда сактоо жайлары физикалык жактан бар болгону менен, алардын техникалык деңгээли талапка жооп бербейт. Температуралык режимди кармоо, нымдуулукту көзөмөлдөө, таңгактоо жана сорттоо мүмкүнчүлүктөрү чектелгендиктен, товар сапаты төмөндөйт.

Үчүнчү көйгөй — кайра иштетүүнүн жай темпи. Айыл чарба чийки затын түз сатуу фермер үчүн тез чечим болушу мүмкүн, бирок өлкө экономикасы үчүн ар дайым эле пайдалуу эмес. Эгерде продукция өлкө ичинде кайра иштетилсе, андан кошумча киреше, жаңы жумуш оруңдар жана экспорттук артыкчылык жаралат (Бабаев Д. М., 2020, 224-б).

Төртүнчү көйгөй — чакан өндүрүүчүлөрдүн бөлүнүп-жарылган иш алып баруусу. Кооперациянын жетишсиздиги алардын чоң логистикалык борборлорго, сактоо жайларына же кайра иштетүүчү ишканаларга туруктуу негизде чыгуусун татаалдаштырат. Натыйжада алар рынокто баа коюу мүмкүнчүлүгүнөн да утулушат.

Бешинчи көйгөй — маалыматтык жана санариптик интеграциянын начардыгы. Айрым учурларда өндүрүүчүдө рынокто суроо-талап кайсы товарга жогору экени, баа кайсы мезгилде өзгөрөрү же кайсы багытта сатуу пайдалуу экени боюнча ыкчам маалымат болбой калат.

Ошондой эле транспорттук-коммуникациялык тармактын эскирүү коэффициентинин жогорулугужана жолдордун абалы. Айыл аймактарынан шаарларга

продукция жеткирүү учурунда логистикалык чыгымдардын өздүк нарктагы үлүшүнүн диспропорциялуу өсүшү жана логистикалык кечигүүлөр товарлардын баасына жана сапатына түздөн-түз таасир этет. Айрыкча тез бузулуучу азыктар үчүн бул маселе продукциянын табигый коромжуга учуроо деңгээлин жогорулатат.

**Экономикалык интеграциянын азык-түлүк рыногуна тийгизген таасири**

ЕАЭБ алкагындагы интеграция Кыргыз Республикасынын азык-түлүк рыногу үчүн бир эле учурда мүмкүнчүлүк да, сыноо да болуп калды. Бир тараптан караганда, ири рыноктorго чыгуу жеңилдеди, бажылык тоскоолдуктар азайды, товар жүгүртүү үчүн бир кыйла ыңгайлуу шарттар түзүлдү. Ал эми бул шарттар өзгөчө экспорттук мүмкүнчүлүгү бар айыл чарба товарлары үчүн пайдалуу болду.

Экинчи тараптан, интеграция ички рынокту тышкы атаандаштыкка көбүрөөк ачык кылды. Эгерде ата мекендик өндүрүүчү продукциясын сапат, баа, көлөм жана жеткирүү ылдамдыгы боюнча туруктуу сунуштай албаса, анда ал башка өлкөлөрдүн товарлары менен атаандашууда кыйынчылыкка туш болот да, негизги маселе кайрадан инфраструктурага келип такалат. Эгерде өлкөнүн логистикасы, сактоо мүмкүнчүлүгү жана кайра иштетүү базасы жетиштүү деңгээлде өнүкпөсө, анда интеграциядан толук пайда алуу мүмкүн эмес. Башкача айтканда, ЕАЭБ мүмкүнчүлүк бере алат, бирок ошол мүмкүнчүлүктү пайдалануу ички даярдыкка жараша болот (*Экономикалык өнүгүү боюнча жылдык отчет*. *https://www.eaeunion.org*).

Мындан улам экономикалык интеграцияны өзүнчө эле оң же терс көрүнүш катары баалоо туура болбойт. Ал ички рыноктун алсыз жана күчтүү жактарын даана көрсөтүп берген фактор катары каралышы керек.

Ошондой эле, мындай шарттарда мамлекеттин жана жеке сектордун биргелешкен аракеттери стратегиялык приоритет катары аныкталып, инфраструктураны модернизациялоо, өндүрүштүк регламенттерди эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү жана сапатты көзөмөлдөө механизмдерин күчөтүү зарылдыгын күчөтөт. Бул кадамдар ата мекендик өндүрүүчүлөрдүн рыноктук рентабелдүүлүктү жана атаандаштыкка туруктуулукту жогорулатып, ички рыноктун туруктуулугун камсыз кылууга өбөлгө түзөт

**Азык-түлүк рыногунун инфраструктурасын натыйжалуу өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары.** Кыргыз Республикасынын азык-түлүк рыногун туруктуу жана атаандаштыкка жөндөмдүү абалга жеткирүү үчүн инфраструктураны фрагменттүү эмес, системалуу түрдө өнүктүрүү талап кылынгандыгы үчүн бул багытта төмөнкү чаралар өзгөчө маанилүү.

Мындай системалуу мамиле рыноктун бардык звенолорунун өз ара байланышын күчөтүп, өндүрүштөн тартып акыркы керектөөчүгө чейинки нарк түзүү чынжырынын функционалдык туруктуулугун жана үзгүлтүксүз иштешин кепилдейт. Ошондой эле ресурстук потенциалды оптималдаштырууга, эксплуатациялык натыйжалуулукту арттырууга жана инфраструктуралык долбоорлордун экономикалык натыйжалуулугун жогорулатууга шарт түзөт. Бул өз кезегинде азык-түлүк коопсуздук деңгээлин жогорулатууга, бекемдөөгө жана ички рыноктун туруктуулугун камсыз кылууга өбөлгө болот.

**1. Аймактык логистикалык борборлорду түзүү.** Өндүрүүчүдөн базарга чейинки аралыкта чогултуу, иргөө, таңгактоо, убактылуу сактоо жана бөлүштүрүү кызматтарын аткарган аймактык борборлор түзүлсө, товар агымы кыйла натыйжалуу уюштурулат. Мындай борборлор фермерлер үчүн чыгымды азайтып, товарды сапатын жоготпой

жеткирүүгө көмөктөшөт. Муну менен бирге мындай логистикалык борборлор айыл чарба продукциясынын айыл чарба продукциясынын товардык кыймылын структуралаштыруу аркылуу, ортомчулардын ашыкча санын минималдаштырууга шарт түзөт. Бул рыноктук баа конъюнктурасын стабилдештирүүгө, баалардын дисбалансын жоюуга жана өндүрүүчү менен керектөөчүнүн ортосундагы коммуникациялык чынжырларды оптималдаштырууга жана экономикалык субъекттердин интеграциясын бекемдөөгө кызмат кылат. Ошондой эле продукцияны ири көлөмдө топтоо жана продукцияны стандартташтыруу тышкы соода потенциалын модернизациялоого жол ачат, ички рыноктун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатат.

**2. Муздаткыч жана заманбап кампа базасын кеңейтүү.** Өзгөчө бат бузулуучу товарлар үчүн муздаткыч инфраструктурасын өнүктүрүү негизги артыкчылыктардын бири болуп эсептелет. Бул ыкма продукциянын жоготууларын азайтып, мезгил аралык баалардын кескин өзгөрүүсүн бир топ деңгээлде жөнгө салат. Заманбап кампа жана муздаткыч системалар продукциянын сапатын узак убакытка чейин сактоого мүмкүнчүлүк берип, анын продукцияны реализациялоонун мөөнөтүн узартат. Бул өндүрүүчүлөргө товарды дароо сатууга мажбур болбой, ыңгайлуу баа түзүлгөн учурду күтүүгө шарт түзөт. Ошондой эле мындай инфраструктура тышкы соода ишмердүүлүгүнүн интеграциялык потенциалын стимулдаштырып, эл аралык стандарттарга жооп берген продукцияны жеткирүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**3. Кайра иштетүү тармагын күчөтүү.** Чийки затты гана сатуудан даяр товар чыгарууга өтүү — азык-түлүк рыногунун сапаттык өзгөрүшүнүн негизги белгиси. Сүт, эт, жашылча-жемиш жана дан азыктарын кайра иштеткен чакан жана орто ишканалардын санын арттыруу өлкө ичинде кошумча нарктын өсүшүнө шарт түзөт (*Агрардык экономика жана азык-түлүк коопсуздугу боюнча илимий эмгектер жыйнагы*. https://www.nas.kg кайрылган датасы: 2026-жылдын 15-апрели)**.**

Кайра иштетүү тармагын өнүктүрүү, калктын иш менен камсыз болуу деңгээлин оптималдаштырууга жана эмгек ресурстарын натыйжалуу пайдалануу үчүн кошумча мүмкүнчүлүктөрдү жаратат. Регионалдык чарбалык субъекттердин инвестициялык жагымдуулугун жана экономикалык динамикасын стимулдаштырууга, айыл жергесинде айылдык резиденциялардын финансылык агымдарын диверсификациялоо аркылуу алардын экономикалык туруктуулугун арттырууга өбөлгө болот. Бул өз кезегинде ички рыноктун туруктуулугун бекемдеп, импортту алмаштыруу стратегиясын ишке ашырууга жана тышкы рыноктук конъюнктурадан көз карандысыздыкты камсыздоого жана өлкөнүн экспорттук потенциалын модернизациялоого жана тышкы соода балансын жакшыртууга шарт түзөт.

**4. Өндүрүүчүлөрдүн кооперациясын колдоо.** Чакан чарбалар өз алдынча рыноктук чынжырга кошулганда көбүнчө алсыз позицияда калат. Ал эми кооперативдик негизде иш жүргүзгөндө, алар сактоо, ташуу, таңгактоо жана сатуу иштерин биргелешип уюштурууга мүмкүнчүлүк алышат. Натыйжада алардын сүйлөшүү мүмкүнчүлүгү да кыйла жогорулайт.

Мындан тышкары, кооперация ресурстарды бириктирүүгө, өндүрүш көлөмүн туруктуу камсыз кылууга жана рыноктук конъюнктуранын өзгөрүүсүнө адаптациялануу жөндөмдүүлүгүн арттырууга шарт түзөт. Бул фермерлерге ири масштабдуу ритейлерлер жана сатып алуучулар менен түз соода каналдарын түзүүгө, узак мөөнөттүү келишимдерди түзүүгө жана баалардын туруксуздугуна байланыштуу финансылык

тобокелдиктерди минимизациялоого мүмкүндүк берет. Муну менен бирге кооперативдик иш алып баруу инновациялык технологиялык чечимдерди трансферлөөгө жана тажрыйба алмашуу процессин интенсификациялоого өбөлгө түзүп, жалпы өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатат.

**5. Санариптик платформаларды киргизүү.** Азык-түлүк рыногунда маалыматтын ылдамдыгы азыр чоң мааниге ээ. Баалар, суроо-талап, жеткирүү багыттары, сактоо кубаттуулугу жана заказ агымы боюнча санариптик платформалар түзүлсө, рыноктун катышуучулары натыйжалуу чечим кабыл алышына шарт тузүлөт.

Аталган аспект менен катар санариптик трансформациялоо инструменттери рыноктун ачыктыгын жогорулатып, ортомчулардын санын кыскартууга, маалыматтык дисбалансты минималдаштырууга жана маалыматтардын реалдуу убакыттагы верификациясын камсыздоого жардам берет. Бул өз кезегинде өндүрүүчүлөр менен керектөөчүлөрдүн ортосунда түз байланыштарды бекемдеп, баа түзүү процесстеринин ачыктыгын камсыздоо аркылуу рыноктук туруксуздукту жөнгө салууга өбөлгө түзөт. Муну менен бирге маалыматтык агымдардын жогорку оперативдүүлүгү жана жеткиликтүүлүк коэффициентин, логистикалык процесстерди оптималдаштырып, товар жеткирүүнүн ылдамдыгын жана сапатын жакшыртат.

**6. Каржылык жеткиликтүүлүктү кеңейтүү.** Инфраструктуралык долбоорлор, адатта, ири көлөмдөгү баштапкы каржылоону талап кылат жана көптөгөн инвесторлор үчүн олуттуу тоскоолдук болуп эсептелет. Ушул себептен мындай долбоорлорду ишке ашырууда каржылык колдоонун жеткиликтүүлүгү өзгөчө мааниге ээ. Жеңилдетилген кредиттөө механизмдери, мамлекет тарабынан көрсөтүлгөн максаттуу колдоо, субсидиялар, ошондой эле лизингдик инструменттер иш жүзүндө натыйжалуу жана жеткиликтүү деңгээлде колдонулушу зарыл. Айтылган чаралар инфраструктуранын өнүгүшүн ылдамдатып, инвестициялык тобокелдиктерди азайтууга жана тармактын туруктуу өсүшүнө шарт түзөт.

Ошону менен бирге эле, мамлекеттик-жеке өнөктөштүк механизмдерин кеңири колдонуу инфраструктуралык долбоорлорду ишке ашырууда кошумча каржылык булактарды тартууга мүмкүндүк берет. Бул өз кезегинде инвестициялык жигердүүлүктү жогорулатып, жаңы долбоорлорду ишке киргизүүнү тездетет. Ошондой эле финансылык инструменттердин вариативдүүлүгүн камсыздоо жана алардын жеткиликтүүлүгүнүн жогорулашы ишкерлер үчүн жагымдуу инвестициялык климатты калыптандыруу аркылуу, агрардык сектордун жалпы атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн арттырууга өбөлгө болот.

**Илимий жаңылык.** Изилдөөнүн илимий жаңылыгы азык-түлүк рыногунун инфраструктурасын өз-өзүнчө элементтердин жыйындысы катары эмес, бирдиктүү иштөөчү экономикалык система катары кароодо турат. Макалада логистика, кампа чарбасы, кайра иштетүү, каржылык камсыздоо жана маалыматтык байланыштар өз ара көз каранды бөлүктөр катары талданды.

Мындан тышкары, экономикалык интеграциянын шартында инфраструктура маселеси жөн гана ички чарбалык маселе эмес, өлкөнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн аныктаган стратегиялык фактор экендиги өзүнчө негизделди. Изилдөөдө инфраструктуранын алсыз звенолору өндүрүштүн өсүшүнө караганда көбүрөөк чектөө коюп жаткандыгы баса белгиленет (*Экономикалык өнүгүү боюнча жылдык отчет*. https://www.eaeunion.org).

Кошумча салым катары Кыргыз Республикасынын азык-түлүк рыногунун инфраструктурасын өнүктүрүүдөгү учурдагы көйгөйлөрдү жана чектөөлөрдү тартипке келтирүү, ошондой эле алардын агрардык сектордун институционалдык жана экономикалык шарттары менен өз ара байланышын аныктоо каралган. Илимий жактан негизделген сунуштар иштелип чыгып, алар инфраструктуранын натыйжалуулугун жогорулатууга, продукциянын жоготууларын азайтууга жана кошумча наркты көбөйтүүгө багытталган. Ошондой эле макалада сандык өсүш менен сапаттык жетилүүнүн айырмасы көрсөтүлдү: айрым көрсөткүчтөр жакшырганы менен, рыноктук чынжырдын туруктуу иштеши үчүн сапаттык өзгөрүү дагы эле жетишсиз экени далилденди.

Мындан тышкары, изилдөөдө инфраструктуралык трансформациянын интеграцияланган концепциясы негизделип, анын негизинде рыноктук субъекттердин ортосундагы коммуникациялык жана чарбалык байланыштарды синергиялоо зарылдыгы белгиленди. Атап айтканда, өндүрүүчү, кайра иштетүүчү, жеткирүүчү жана соода түзүмдөрүнүн ортосундагы кооперациялык мамилелерди рационалдаштыруу жана транзакциялык чыгымдарды азайтуу жолу менен тутумдун мультипликативдик эффектин максималдаштыруу потенциалы илимий далилденди. Ошондой эле санариптик чечимдерди жана маалыматтык платформаларды имплементациялоонун негизинде маалымат агымдарын ылдамдатуу жана менежменттик процесстердин верификациясын жана чечимдерди кабыл алуунун оперативдүүлүгүн арттыруу фактору илимий жактан негизделген. Бул болсо өз кезегинде азык-түлүк рыногунун туруктуулугун камсыз кылууда жаңы инновациялык методологиялык ыкмаларды калыптандырууга негиз катары пайдаланууга болот.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Изилдөөнүн жыйынтыктары мамлекеттик башкаруу органдары, агрардык саясатты түзүүчүлөр, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү жана агробизнес тармагынын катышуучулары үчүн практикалык жактан маанилүү болуп саналат.

Биринчиден, сунушталган багыттар азык-түлүк рыногунун инфраструктурасын өнүктүрүүгө байланышкан мамлекеттик жана аймактык программаларды тактоодо колдонулушу мүмкүн. Экинчиден, логистикалык борборлорду, кампалык базаны жана кайра иштетүүчү ишканаларды жайгаштырууда артыкчылыктуу аймактарды аныктоого жардам берет. Үчүнчүдөн, чакан өндүрүүчүлөрдү кооперациялык негизде колдоонун зарылдыгын негиздеп берет. Төртүнчүдөн, санариптештирүү жана рыноктук маалыматты жеткирүү боюнча практикалык кадамдарды түзүүгө шарт түзөт. *(Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексин өнүктүрүү стратегиясы (2021–2030-жж.). https://www.agro.gov.kg)*

Ошол эле учурда бул материал жогорку окуу жайларда, илимий иштерде жана агрардык экономика боюнча аналитикалык талдоолордо кошумча колдонмо материал катары да пайдаланылышы мүмкүн жана ошондой эле изилдөөнүн жыйынтыктары инвестициялык долбоорлорду негиздөөдө, жеке сектор тарабынан бизнес-пландоодо колдонууга да ылайыктуу. Практикалык сунуштар айыл чарба тармагындагы субъекттер үчүн ресурстарды натыйжалуу пайдаланууга, чыгымдарды оптималдаштырууга жана рыноктук мүмкүнчүлүктөрдү туура баалоого жардам берет. Ошондой эле бул сунуштар аймактар аралык экономикалык байланыштарды чыңдоого жана азык-түлүк менен камсыз кылуунун туруктуулугун жогорулатууга өбөлгө түзөт (*Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексин өнүктүрүү стратегиясы (2021–2030-жж.). https://www.agro.gov.kg*)

**Корутунду.** Кыргыз Республикасынын азык-түлүк рыногунун туруктуу өнүгүшү айыл чарба продукциясынын көлөмүнө гана эмес, аны рынокко сапаттуу жана натыйжалуу алып чыга алган инфраструктуранын абалына түздөн-түз көз каранды. Азыркы шартта өлкөдө өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөр бар болгону менен, логистика, сактоо, кайра иштетүү жана рыноктук координация тармагындагы көйгөйлөр бул мүмкүнчүлүктөрдү толук пайдаланууга жол бербей жатат.

Экономикалык интеграция жаңы рыноктук мүмкүнчүлүктөрдү ачканы менен, ошол эле учурда ички системанын алсыз жактарын дагы даана көрсөттү. Ошондуктан азык-түлүк рыногунун инфраструктурасын өнүктүрүү маселеси жөн гана тармактык милдет эмес, ал улуттук азык-түлүк коопсуздугу, аймактык өнүгүү жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүк менен түз байланышкан стратегиялык багыт болуп саналат (*Агрардык экономика жана азык-түлүк коопсуздугу боюнча илимий эмгектер жыйнагы*. *https://www.nas.kg*).

Натыйжалуу чечим логистикалык борборлорду түзүү, заманбап кампаларды көбөйтүү, кайра иштетүү тармагын кеңейтүү, кооперацияны бекемдөө, санариптик инструменттерди киргизүү жана каржылык колдоону жеткиликтүү кылуу аркылуу ишке ашат. Ушул чаралар комплекстүү түрдө жүргүзүлгөндө гана азык-түлүк рыногунун иштөө сапаты жогорулап, өлкөнүн агрардык потенциалы толук ачылат.

Мындан тышкары, инфраструктураны өнүктүрүүдө аймактардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу, жеке сектор менен мамлекеттик органдардын ортосундагы өнөктөштүктү күчөтүү жана инновациялык технологияларды активдүү киргизүү өзгөчө мааниге ээ. Бул багыттагы системалуу аракеттер айыл чарба продукциясынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатып, экспорттук мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүгө жана өлкөнүн экономикалык туруктуулугун бекемдөөгө шарт түзөт.

**Адабияттар тизмеси:**

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. (2025). *Айыл чарба жана азык-түлүк рыногу боюнча расмий маалыматтар*. https://www.stat.kg Кайрылган датасы: 2026-жылдын 14-апрели.

2. Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги. (2021). *Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексин өнүктүрүү стратегиясы (2021–2030-жж.)*. https://www.agro.gov.kg
Кайрылган датасы: 2026-жылдын 14-апрели.

3. Евразия экономикалык комиссиясы. (2023). *ЕАЭБ расмий порталы: Экономикалык өнүгүү боюнча жылдык отчет*. https://www.eaeunion.org Кайрылган датасы: 2026-жылдын 14-апрели.

4. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. (2024). *Айыл чарба жана региондук өнүгүү боюнча статистикалык жыйнак*. https://www.stat.kg Кайрылган датасы: 2026-жылдын 12-апрели.

5. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги. (2023). *Экономикалык интеграция шартындагы соода саясаты*. https://www.mineconom.gov.kg Кайрылган датасы: 2026-жылдын 12-апрели.

6. ЕАЭБ алкагында Кыргыз Республикасынын агрардык секторунун өнүгүүсү боюнча аналитикалык отчет. (2023). https://www.eaeunion.org Кайрылган датасы: 2026-жылдын 15-апрели.
7. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы. (2022). *Агрардык экономика жана азык-түлүк коопсуздугу боюнча илимий эмгектер жыйнагы*. https://www.nas.kg Кайрылган датасы: 2026-жылдын 15-апрели.
8. Бабаев Д. М. (2020). *Айыл чарба экономикасы*. Билим.
9. Бекбоев Т. Т. (2019). *Рыноктук экономика жана агрардык саясат*. Илим.
10. Дыйканбаев Н. С. (2021). *Айыл чарба продукциясын кайра иштетүүнүн экономикалык негиздери*. Экономика.
11. Жолдошев М. К. (2022). *Логистика жана камсыздоо чынжырларын башкаруу*. Турар.
12. Иманалиев С. А. (2020). *Агрардык рыноктун инфраструктурасы*. Илим.
13. Убайдуллаев, М., Бекматова , Ж., & Бактыбек уулу, К. (2022). К вопросам улучшения каналов сбыта продукций сельского хозяйства Кыргызстана в современных условиях – некоторые аспекты проблем и пути их решения. Вестник Ошского государственного университета. Экономика, https://journal.oshsu.kg/index.php/economy/article/view/483